# № 2-Баткен округдук шайлоо комиссиясынын

# Ч Е Ч И М И №4

**Баткен шаары** **2024-жылдын 27-апрели**

**Катышты:**
Айтбаев Бахабидин Ташполотович
Жоробаева Сайдагул Манасовна
Жапарова Мээринса Абытовна
Саттарова Гулбара
Гапаров Марат Мамазаитович
Камбаров Акынбек Осконович
Маркаев Манас Аззамович
Оболова Мария Гайыповна
Орозалиев Кенжебай
Эркебаев Осмон Мажитович
Гапарова Дилбархан Бекбутаевна
Жороева Чынар
Маккамбаев Мунарбек

**Себептуу катышпаганы:**
Адилов Анарбек Ташполотович
Омурзаков Тилек

**1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өнөктүгүнүн үгүт учурунда талапкер Кожонов З.Ы. жөнүндө Кадамжай РИИБнин тергөө кызматынын тергөөчүсү милициянын лейтенанты Сейдахматов Т.Н. 2024-жылдын 18-апрелиндеги чыгыш № 34-6/1627 сандуу билдирүүсү жөнүндө.**

Каралуучу маселе боюнча Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Айтбаев Бахабидин төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

2024-жылдын 15-апрелинде Баткен шаарынын тургуну Мухтар уулу Амирбек Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин бир мандаттуу №3 Баткен шайлоо округу боюнча талапкер Кожонов Замирбек Ырысбаевич элди добуш берүүгө үндөгөн мөөнөт учурунда дасторкон жазып, элге тамак аш берип үгүт иштерин жүргүзгөндүгү тууралуу арыз менен кайрылган. Аталган арыз Кадамжай райондук ички иштер бөлүмү тарабынан 02-048-2024-001004 саны менен катталып, текшерүүнүн жыйынтыгында кылмыштын курамы жок болгондуктан КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктарынын негизинде кылмыш иши козгоодон баш тарткан.

Тергөө учурунда талапкер Кожонов З.Ы. тарабынан мечитте тамак аш уюштурулган эместиги далилденген. Тамак ашка эл өздөрү акча каражат чогултуп катым өткөргөндүгү аныкталган. Бирок мечитте талапкер Кожонов З.Ы. элди, “мени” колдоп берүү жөнүндө айтылган сөздөрү анык экенин бизге берилген материалдарда көрсөтүлгөн.

Жогорудагыларды белгилеп, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65-беренесинин 1-пунктуна ылайык Баткен округдук шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кадамжай РИИБнин тергөө кызматынын тергөөчүсү милициянын лейтенанты Сейдахматов Т.Н. 2024-жылдын 18-апрелиндеги чыгыш № 34-6/1627 сандуу билдирүүсү эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-пунктуна ылайык, №2 Баткен шайлоо округунан талапкер Кожонов Замирбек Ырысбаевичке шайлоо алдындагы үгүт шарттарын бузгандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65-беренесинин 1-пунктуна ылайык айып пул салынсын.
3. Ушул чечимди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

МАКУЛ - 13, КАРШЫ - __0__, КАЛЫС - __0__,

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Айтбаев**

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын катчысы:** **С.Жоробаева**